ИНСТИТУТ МЕДИА ПОЛИСИ
В КЫРГЫЗСТАНЕ

Embassy of the
United States of America

# БИЗ КАНТИП ЖАҢЫЛЫК ДАЯРДАЙБЫЗ

## (Кыргызстандын жалпыга маалымдоо каражаттарынын (ЖМК) кесипкөйлүгү боюнча баяндама)

БИШКЕК 2010

**БИЗ ЖАҢЫЛЫКТЫ КАНТИП ЖАЗАБЫЗ**

**(Кыргызстандын бир катар телеканалдарын жана маалымат агенттиктерин изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча баяндама)**

«Медиа Полиси Институту» Коомдук фондунун бул китепчеси Кыргызстандын бир катар телеканалдарынын жана маалымат агенттиктеринин 2010-жылдын май-июнь айлары боюнча изилдөөнүн жыйынтыктары жана тыянактары тууралу кызыкдар тараптарга маалымат берүүгө багытталган.

Мониторинг АКШ Элчилигинин Демократиялык комиссиясынын колдоосу алдында жүргүзүлдү. Басылмада айтылган ой-пикирлер, тыянактар жана сунуштар сөзсүз эле АКШ Элчилигинин Демократиялык комиссиясынын көз карашын чагылдырбайт.

Китепченин материалы автордук укук менен корголгон. Бул эмгекти үзүндү же толук бойдон кайра жарыялоо жана/же аны кандай гана түрдө же каражат менен болбосун алдын ала уруксат албай туруп башкаларга берүү КРдин аракеттеги мыйзамдарын бузуу болуп саналат.

# КИРИШ СӨЗ

Жалпыга маалымдоо каражаттары кандай гана болбосун демократиялык коомдун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Өлкөдө болуп жаткан окуялар жөнүндө жарандарга калыс маалымат берүү - ЖМКнын озуйпасы. Түпкүлүгүндө алар коомдогу өзгөчө маанилүү өзгөрүүлөр тууралу маалыматты бузбастан таратууга, саясый системанын кемчиликтерин эч жакка тартпай ачып берүүгө жана окуялардын түпкү маңызын талдоого алууга милдеттүү.

Кыргызстандагы 2010-жылдын Апрель окуялары жалпыга маалымдоо каражаттарынын нукура көз карандысыздыгын колдоо жана медиа аудиторияны түзгөн жарандардын маалыматтык укуктарын коргоо маселесинин актуалдуулугун арттырды. Медиа чөйрөдө тескери процесстер кеңири жайылып баратат, бул коомчулукту калпыс маалымдоодон калкалоо зарылдыгын жаратууда. Бул үчүн жалпыга маалымдоо каражаттарына көз салуу жана прессаны сындоо менен эле чектелбестен, ЖМКларды демократиялык принциптерге ылайык реформалоо аркылуу өзгөртүүгө далалат кылуу зарыл.

# ЫРААЗЫЛЫК ПИКИР

Баяндама «Медиа Полиси Институту» Коомдук фондунун кызматкерлеринен турган автордук жамаат тарабынан даярдалды.

Автордук жамаат колдоо көрсөткөнү үчүн Элвира Сариевага, ошондой эле даярдоо материалдарын иштеп чыгууда жардамы, баяндаманы жазууда кеп-кеңештери үчүн украиндик «Pro.mova» консультациялык компаниясына, ошондой эле жеке Евген Глибовицкийге, Виктория Брындзага жана Павло Худга ыраазылыгын жолдойт.

# НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР

Өлкөнүн маалымат агенттиктерине да, телеканалдарына да: маалымат таратууда тең салмактуулуктун сакталбашы, фактылар менен журналисттик комментарийлердин ажыратылбашы, сүрөт (видео) менен үн иретинин шайкеш келбеси өңдүү журналисттик стандарттардан четтөө көрүнүштөрү мүнөздүү. Мындан тышкары, ЖМК эмоциялуу сөздөрдү жана метафораларды көп колдонот. Анын натыйжасында стандарттардан чегинүү менен катар эле өздөрү аңдабастан туруп, көрүүчүнүн/окурмандын башын айландырууга алып келиши ыктымал. Маалымат агенттиктери табияты боюнча жалпыга маалымдоо каражаттары эмес, алар болгону журналисттерге маалымат берүүчүлөр болуп саналат. Ошого карабастан, «АКИpress», «24.kg» жана «Кабар» агенттиктери Кыргызстандын электрондук басылмалар арасында эң көп окулган интернет-ресурстар болуп калышты. Маалымат агенттиктердин мындай кош ролу даяр эмес, чийки материал күткөн окурмандын кабыл алуусуна тетири таасир этиши мүмкүн.

Телесюжеттерде маалымат булактарынын, эксперттердин комментарийлеринин, тең салмактуулуктун жана аргументтердин жоктугунан улам көрөрман окуяга өз баасын бере албай жана сын пикирин калыптандыра албай калышат. Анын ордуна  журналисттин/редакциянын гана көз карашына таянууга мажбур болот.
2010-жылы июнда Оштогу окуяларды чагылдырууда журналисттер өз баасын берүүдөн жана эмоциялык пикирлерден оолак болууга аракеттеништи. Көпчүлүк кабарларда жаңжалга жана улут аралык араздашууга эмес, жарашуу чакырыктарына басым жасалды.

Тиги же бул маалыматка расмий тастыктама алуу кыйын болгон жана расмий статистика чындыкты чагылдырбай, ал эми кызмат адамдарынын билдирүүлөрү турмушка шайкеш келбеген учурда жоромолдорду фактылар менен бекемдөө өтө кыйынга турат. Көрүүчүлөрдү бардык тараптардын пикирин жана жүйөөсүн угуп туруп, өз алдынча тыянак жасоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып, бир гана автордук көз караштарды таңуулоо журналистиканын стандарттарынан четтөөнү күбөлөйт.

# ИЗИЛДӨӨ ЫКМАСЫ

Мониторинг 2010-жылдын 1-майынан 28-июнга чейин жүргүзүлдү. Талдоо жүргүзүү үчүн өлкөнүн эң кеңири аймагына тараган УТРК жана "ЭлТР" мамлекеттик телеканалдарынын, андан тышкары "5-канал" менчик телеканалынын жаңылыктары тандалып алынды. Сюжеттер ар жума сайын удаа эки күндүн кечки жаңылыктарынан алынып турду. Тандоо күндөрү ар жума сайын улам бир күнгө артка жылдырылып отурду. Мындан тышкары, жаңылыктардын бардык корутунду чыгарылыштары изилденди.
Талдоо жүргүзүү үчүн Кыргызстандын эң көп окулган мамлекеттик "Кабар", менчик «АКИpress» жана «24.kg» маалымат агенттиктеринин «Саясат жана коом" рубрикасы тандалып алынды. Изилденген мезгил ичинде аталган рубрика алдындагы бардык кабарлар талдоодон өттү.

Мониторинг сандык жана сапаттык талдоо болуп эки этапта жүргүзүлдү. Сандык талдоо тең салмактуулук, фактыны комментарийден ажыратуу, сүрөт менен үн иретинин шайкештиги (телеканалдар үчүн), маалымат булагынын бар болушу сыяктуу журналисттик стандарттарга басым жасалды. Андан тышкары, экспрессивдүү сөздөрдүн, метафоралардын пайдаланылышына, сюжеттердин темаларына да көз салынды.

Сапаттык талдоо үчүн 2010-жылдын 1-майынан 31ине чейинки мөөнөт ичинде сандык критерийлер боюнча стандарттардан эң көп чегинүүлөр бар кабарлар иргелип алынды. Июнда сапаттык талдоо үчүн 2010-жылдын 11 -18-июнундагы сюжеттер менен кабарлар иргелди (Оштогу жана Жалал-Абаддагы окуялар).


Финансылык каражаттын тартыштыгына байланыштуу бул мониторинг долбоорго кыргыз жана орус тилдүү бир катар окумал басылмалар киргизилген жок. Ошондой эле техникалык себептерден улам «Кабар» маалымат агенттигинин май айындагы жаңылыктарынын тексти болбой калды.


# КР МААЛЫМАТ АГЕНТТИКТЕРИ


## Негизги корутундулар

Зачастую исследуемые информационные агентства выступают лишь как поставщики сырьевых информационных сообщений: материалы с пресс-конференций, пресс-релизы. «АКИpress» и «24.kg» довольно часто (в 20-29% сообщений) позволяли себе использовать метафоры и экспрессивные выражения, тогда как «Кабар» придерживался сдержанного тона (в среднем в 9% сообщений наблюдались экспрессивные выражения и/или метафоры).


Источником информации для подавляющего количества сообщений являлись представители временного правительства. Так, временное правительство было единственным источником информации в 69% сообщений агентства «Кабар» в мае и 66% сообщений в июне. В агентстве «АКИpress» сообщения от временного правительства составили 48% всех сообщений мая и 62% - июня. В сообщениях ИА «24.kg» временное правительство составило 39% всех источников информации в мае и 54% в июне.





Маалымат булактары (АКИpress, май)
5%
3%
7%
11%
48%
26%
Убактылуу өкмөт
Коомдук уюмдар
Саясый партиялар
Булак көрсөтүлгөн эмес
ЖМК
Эл аралык уюмдар


Маалымат булактары(АКИpress, июнь)
5%
5%
3%
25%
62%
Убактылуу өкмөт
Коомдук уюмдар
Саясый партиялар
Булак көрсөтүлгөн эмес
ЖМК


Маалымат булактары(24.kg, май)
5%
3%
8%
12%
39%
33%
Убактылуу өкмөт
Коомдук жана эл аралык уюмдар
Саясый партиялар
Булак көрсөтүлгөн эмес
Адвокаттар жана укук коргоочулар
ЖМК





## «КАБАР»


Изилдөө мезгил ичинде «Кабар» маалымат сайтынын «Саясат жана коом» рубрикасынын алдында 968 кабар (майда 45, июнда 518) жарыяланган. Баары орус тилинде.






Иш жүзүндө бардык кабарлар (99,5%) - пресс-конференциялардан, пресс-релиздерден алынган, бир жактуу материалдар. 42 кабарда (4%) фактылар комментарийден ажыратылган эмес. 146 маалыматта (16%) метафоралар жана экспрессивдүү сөздөр орун алган. Көпчүлүк кабарлардын булагы (650 же 67%и) болуп Убактылуу өкмөттүн өкүлдөрү чыккан.




Убактылуу өкмөттүн материалдары пресс-релиз түрүндө берилген. Алар көбүнчө оңдолбостон болгонундай жарыяланган. Агенттиктин көпчүлүк кабарларында окуялар болуп өткөн фактыдай көрсөтүлөт. Теманы терең изилдеген, ырасталган же күмөн туудурган кабарлар жок[1].

1 Техникалык себептер боюнча «Кабар» маалымат агенттигинде май ичинде жаңылыктардан тексттери болбогондуктан «Кабардын мисалы" жок

# ОШ ОКУЯЛАРЫ


11-18-июндагы Оштогу жана Жалал-Абаддагы окуялар негизинен үчүнчү адамдардын комментарийлери түрүндө берилген (194 кабар же июндагы кабарлардын 37%и), аларда тынчтыкка чакырыктар, КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин жабыр тарткандар тууралу кабарлары, саясатчылардын ой-пикирлери ж.б. Ошто жана Жалал-Абадда окуялар кандай өнүгүп жатканын түздөн-түз чагылдырган 5 кабар (бардык кабарлардын 1%тен азы) жарыяланган. Агенттик жаңжалга басым жасаган эмес. Жаңылык тасмасына чыккан уюмдардын кайрылуулары тынчтыкка үндөө маанайында. Агенттиктин журналисттери Оштогу жана Жалал-Абаддагы окуяларга эч кандай мүнөздөмө беришкен эмес.

Саясатчылар, коомчулуктун жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү өз комментарийлеринде Оштогу окуяны «башаламандык», «калайман башаламандык», «жаңжал аймагы», «жаңжал», «Ош окуясы» деп аташкан. Саясатчылардын билдирүүлөрүндө жаңжалдын күнөөкөрлөрү жөнүндө божомолдор айтылган.


## «24.kg»


Изилдөө мезгили ичинде «24.kg» маалымат агенттигинин «Саясат жана коом» рубрикасы алдында 450 кабар (майда 248, июнда 202) кабар жарыяланган. Баары орус тилинде.



Бардык кабарлардын болжол менен үчтөн бири (майда 96 - 39%, июнда 53 - 26%) бир гана тарапты - Убактылуу өкмөттү жана мамлекеттик структураларды чагылдырат.




Биз аз сандагы кабарларда фактылар комментарийден ажыратылган эмес (май айында 10 кабар же бардык кабарлардын 4%и).

Бардык кабарлардын болжол менен чейрек бөлүгүндө метафоралар жана экспрессивдүү сөздөр камтылган (майда 71, же бардык кабарлардын 29%и, июнда 44 - 22%).

## КАБАРДЫН ҮЛГҮСҮ

14 мая 2010 года на сайте информагентства «24.kg» было размещено сообщение о ситуации в Джалал-Абаде, о потасовке между сторонниками «Ата-Мекена» и бывшего президента Курманбека Бакиева у здания Джалал-Абадской гособладминистрации.

**Кыргызстанда Жалал-Абад облмамадминистрациясынын алдында «Ата-Мекендин» жана мурдагы президент Курманбек Бакиевдин жактоочуларынын ортосунда мушташ чыкты.**
**http://www.24.kg/community/73981-v-kyrgyzstane-mezhdu-storonnikami-laquoata.html**

14/05 09:40, Жалал-Абад – «24.kg», Илья ЛУКАШОВ
Кыргызстанда Жалал-Абад облмамадминистрациясынын алдында «Ата-Мекендин» жана мурдагы президент Курманбек Бакиевдин жактоочуларынын ортосунда мушташ чыкты. Ата-мекенчилердин саны болжол менен 4-5 миңге жакын, ал эми Курманбек Бакиевдин жактоочулары 400-500 адамга чукул. Асманга ок атылууда. Эки жарадар бар.

Кабарда эч нерсе менен тастыкталбаган сандар камтылган. Ар тараптан - окуянын катышуучуларынан жана расмий булактардан алынган маалымат жок. Кабардын мазмуну начар ачылгандыктан, окурман окуя эмне себептен чыгып, эмне кесепеттерге апкелет деген суроого аргументтүү жооп албастан, көбүнчө эмоцияга батырган маалымат болуп калган.

## ОШ ОКУЯЛАРЫ

Агенттиктин сайтында Оштогу окуялар жөнүндө 84 кабар жарыяланган. 37 кабарда (44%) Убактылуу өкмөттүн өкүлдөрү маалымат булагы болушкан. Материалдар негизинен Убактылуу өкмөттүн, коомдук уюмдардын жана саясатчылардын билдирүүлөрүнөн, ошондой эле түштүктөгү окуялардын күбөлөрүнүн маалыматтарынан турат.

Башаламандыктын себептеринин бири катары үчүнчү күчтөр, анын ичинде мурдагы президент Бакиев тарабынан референдумду үзгүлтүккө учуратуу максатында этникалык пикир келишпестиктерди тутантуу аракети аталат. Материалдарда ошондой эле түштүктөгү кырдаалды жөнгө салууга Убактылуу өкмөттүн алы келбей калгандыктан, арга жок тынчтык орнотуучу күчтөрдү киргизүүгө туура келет деген ой камтылат.

### «АКИpress»

Изилдөө мезгили ичинде «АКИpress» маалымат агенттигинин «Саясат жана коом» рубрикасы алдында 342 кабар жарыяланган (майда 175, июнда 187). Баары орус тилинде.






Орто эсеп менен бардык кабарлардын жарымынан көбүндө бир тарапка гана сөз берилген (майда 170 - 98% жана июнда 52 - 28%)[2]. Көпчүлүк кабарлардын (майда 83 - 48% жана июнда 116 - 62%) булактары Убактылуу өкмөттүн жана мамлекеттик структуралардын өкүлдөрү болгон.




Булагы Убактылуу өкмөт болгон июндагы материалдардын мазмуну (июндагы бардык кабарлардын 116сы же 62%и) – мурдагы президент Бакиевди жана анын жакын чөйрөсүн сындоо, андан тышкары жаңы Конституция боюнча референдум өткөрүү маселелери.

Фактылар комментарийден ажыратылбаган кабарлардын саны анча көп эмес (майда 2, июнда 2, же болбосо бардык кабарлардын 2%тен азыраагы).

Бардык кабарлардын болжол менен чейрегинде метафоралар жана экспрессивдүү сөздөр бар (майда 52 же 29%, июнда 37 же 20%).

2 Мониторингдин жүрүшүндө «Талдоо жана комментарийлер» жана «Окурмандардын пикири» рубрикаларынын алдында кабарлар талдоого алынган жок. Бул рубрикалар алдында мурда тасмага чыккан пикирлерге комментарийлер жарыяланган.

# КАБАРДЫН МИСАЛЫ

2010-жылдын 24-майында «АКИpress» маалымат агенттиги Кыргызстан түштүгүндөгү региондук “Мезон ТВ» и «Ош ТВ» телеканалдарынын айланасындагы кырдаал боюнча кабарга орун берген.

**Оштогу «МезонТВ» жана «ОшТВ» телеканалдарынын жетекчилерин Жалал-Абад прокуратурасына чакырышты**
http://fergana.akipress.org/news:82001

24-05-2010, 12:15
АКИpress-Фергана-Ош – 24-майда Оштогу «МезонТВ» жана «ОшТВ» телеканалдарынын жетекчилерин Жалал-Абад прокуратурасына чакырышты. «Ош ТВ» телеканалынын директору Халил Худайбердиевдин айтымында, 24-майда өзүн  КР Башкы прокуратурасыынын улук прокурору Үмүтбек Калыков деп тааныштырган адам ага келип, Х. Худайбердиев менен «Мезон ТВнын» директору Жавлан Мирзаходжаев Жалал-Абадга прокуратурага барышыңар керек деп айткан.

«Бул тууралу эч кандай документи жок келген. Жергиликтүү укук коргоочуларга кайрылганыбыздан кийин чакыруу кагазын апкелишти, анда Ош шаары дегенди кол менен Жалал-Абад деп өзгөртүп коюшкан. Чакыруу кагазында биз Жалал-Абад прокуратурасына ким катары жана эмне себептен барышыбыз керектиги айтылган эмес», - деп кабарлайт Х. Худайбердиев.

Ал мындан тышкары азыр адвокат издөө менен алектенип жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишмердигине байланышкан мыйзамдардын тексттерин даярдап жатышканын айтты.

«Биз жеке коопсуздугубуздан кабатыр болуп турабыз», - деп белгиледи «Ош ТВнын»,директору Жалал-Абадга барууга байланышкан суроого жооп берип.
Аталган телеканалдарда «комментарийсиз» рубрикасы астында 15-майда Жалал-Абаддагы элдердин достугу университетинде өткөн митинг көрсөтүлгөн. Ал митингге чогулгандар алдында Жогорку Кеңештин экс-депутаты Кадыржан Батыров сүйлөгөн. Бул репортаж 18-майда өткөн аппараттык чогулушта Оштун мэри М. Мырзакматовдун катуу сынына дуушар болгон.

Бул кабарда прокуратура өкүлдөрүнүн же Оштун мэринин комментарийи жок. Кабардын мазмуну начар ачылгандыктан, окурман окуянын себеби менен арты эмне болоорун ажырата албайт. Анын ордуна эмоцияга батырган маалымат алат.

# ОШ ОКУЯЛАРЫ

Ош окуялары жөнүндө «АКИpress» 40 кабар чыгарган. Кабарлар негизинен кайсы бир тараптын гана позициясын чагылдырып, негизинен билдирүүлөр болуп саналат. Мисалы, укук коргоочулардын Убактылуу өкмөттү кырдаалды жөнгө салууга, калкты чагымчылыкка алдырбоого, ЖМКларды окуяны калыс чагылдырууга, ал эми коомчулукту чатакты токтотууга чакырыктары камтылган. Убактылуу өкмөттүн өкүлдөрү жана саясатчылар тополоңду үчүнчү күчтөр, анын ичинде мурдагы президент Бакиев уюштурду жана ал референдумду үзгүлтүккө учуратуу максатын көздөдү деп айтылат.


# ТЕЛЕКАНАЛДАР


## НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР

Көпчүлүк телесюжеттерде журналисттик стандарттардан четтөөлөр болгондуктан, атайы жасалбаса да көрөрмандын башын айландырышы ыктымал. Ошентип, Кыргызстандын электрондук ЖМКлары турмуш чындыгын калыс жана тең салмактуу чагылдырган материалдар менен жарандарды камсыздоо боюнча ролун жетиштүү аткара албай жатат.

Май айында тең салмактуулук эрежеси сакталбаган көп материал «5 каналда» жана «ЭлТРде» катталган.


Тең салмактуулук (ЭлТР, май-июнь)
30%
70%
Тең салмактуу материалдар (523)
Тең салмаксыз материалдар (225)


Тең салмактуулук (5-канал, май-июнь)
30%
43%
27%
Тең салмактуу материалдар (335)
Тең салмаксыз материалдар (209)
Маалыматтык кабарлар (232)


Тең салмактуулук (УТРК, май-июнь)
47%
43%
10%
Тең салмактуу материалдар (438)
Тең салмаксыз материалдар (108)
Маалыматтык кабарлар (477)

Ошондой эле «5 каналда» журналисттердин фактылар менен бышыктабай туруп баа берүүлөрү арбын кездешет.









Ар бир телеканалдын бир аз сюжеттеринде сүрөт менен үн ирети шайкеш келбейт.










## «5 канал»

Изилдөө мезгили ичинде «5-каналда» 776 маалыматтык кабар (майда 274, июнда 502) талдоого алынды. Орус тилинде 383, кыргызча 393 кабар чыккан.




Сюжеттер саны 544 (70%), бир тараптуу кабарлар саны 232 (30%).
Саясатка 229 сюжет, коомдук маселелерге - 401, экономикага - 56, эл аралык карым-катнаштарга - 60, криминалга – 24 сюжет арналган. Башка сюжеттер (6) маданиятка, тарыхка жана саламаттык сактоого арналган.
Майда жана июнда 209 (27%) сюжет тең салмаксыз болгон.

Май-июнда 94 сюжетте (12%) фактылар комментарийден ажыратылган эмес.
68 сюжетте (9%) сүрөт менен үн ирети шайкеш келбейт.
75 сюжетте (10%) сүрөт жок.

Май айында журналисттер Конституциянын долбоорун ар тараптуу чагылдырышкан. Мындан тышкары мурдагы президент К. Бакиевдин мүлкүн камакка алуу, аны айыптаган бир тараптуу кабарлар арбын кездешкен. Көпчүлүк сюжеттерде журналисттер теманы изилдебестен, кабарларды кайталап көрсөтүшкөн. Май айында 106 сюжетте (бардык сюжеттердин 39%и) алып баруучу жөн гана кабарды окуп турушкан. Көпчүлүк сюжеттерде тема толук ачылбай калган. Айрым сюжеттерде алып баруучунун кириш сөзүндө айтылган маселелер толук ачылган эмес.

Июнда Кыргызстан түштүгүндөгү окуяларга чейинки кабарлар көбүнчө Конституцияны жалпы элдик талкууга, референдумга даярдыкка жана Убактылуу өкмөттүн ишмердигине байланышкан.

## СЮЖЕТТИН МИСАЛЫ

2010-жылдын 3-майында «5-каналда» саламаттык сактоо тармагынын кызматкерлеринин саламаттык сактоо министринин милдетин аткаруучу Дамира Ниязалиеванын ишмердиги боюнча Убактылуу өкмөткө кайрылуусу чыккан.

**22.00.58 Алып баруучу**
Саламаттык сактоо министринин милдетин аткаруучу сотко кайрылам дегендей ишарат жасады. Кол астындагылар менен укук коргоочулардын чабуулун Дамира Ниязалиева жалаа деп атады. Медициналык мекеменин бир катар кызматкерлери менен НПО өкүлдөрү УӨгө кайрылганын эске салалы. Врачтар менен жарандык чөйрө экс-депутат Дамира Ниязаливанын Салсакминдин башчысынын кызматында иштөөгө жөндөмсүздүгүн билдирген эле. Жаңы дайындалган өлкөнүн башкы медиги эмнеси менен жакпай калганын Айсулуу Текембаева териштирүүгө аракет кылган.

**22.01.31. Кайрылуу текстинин сүрөтү**
Медициналык майдандын эмгекчилери Убактылуу өкмөткө бир жума мурда эле кайрылышкан болучу.
Врачтар беш баракта Саламаттык сактоо министринин компетентсиздиги тууралу баяндашкан. Медициналык коомчулуктун атынан чыккан каттын авторлору Ниязалиева мамлекеттик структурага жетекчилик кылууга жөндөмсүз деп билдирген.
**22.01.50. Тексттин сүрөтү көрсөтүлөт, анда кайрылуудан цитата бар, бирок компетенттүүлүк тууралу бир да сөз жок**
2010-жылы 7-апрелде али декрет жарыялана электе эле мамлекеттик мекеменин босогосун аттап, өзүн өзү министрдин милдетин аткаруучу жарыялаган Ниязалиева жамаатты коррупцияга малынган жана абийирсиз деп атоо менен ишин баштаган. Аңсыз да аз айлыктан улам медиктердин татыктуу жашоосун камсыз кыла албаса да, ишине жан-дили менен берилген адамдар калган бул системада аткарылган жумуштар бир заматта тебеленип-тепселип, жокко чыгарылды. Устат адистердин көп жылдар бою калыптанган жамааты азыр көрсөтмөлөрдү сокурлук менен аткарган роботтордун армиясына айланды.
**22.02.23. Парламент жыйынынан көрүнүш**
Экс-депутатка баарын: эл өкүлү Ниязалиеванын саламаттык сактоо системасын реформалоо боюнча иштиктүү сунуштарынын жоктугун эске салышты.
22.02.03. Парламент жыйынынан Б. Наргозуев менен кошо отурган сүрөт
Бул «акжолчу» Наргозуев менен ысык ымаласы бар деген ишарат.
**22.02.06. Салсакминдин имараты**
Өлкөнүн башкы медигинин кызматындагы шектүү жетишкендиктери – жеке компаниясынын иштери (министрликтин имаратынын алдында журналисттердин Д. Ниязалиева менен баарлашуусунун көрүнүшү) жаңы дайындалган министрдин көп убактысын алгандыктан, такай иш ордунда жоктугу жана мекеме кызматкерлеринин эмгек укуктарынын бузулушу.
**22.02.51. Кайрылуу текстинин сүрөтү, цитата**
Акыркы мезгилде Дамира Ниязалиева өзү уюштурган арыздардын негизинде борбордук аппараттын адистерин жана мекеме жетекчилерин ачык жана негизсиз куугунтуктоолор башталды. Өзүнө жакпаган адамдардын ишин текшерүү боюнча анын буйруктары менен комиссиялар уюштурулууда. Тартип бузулуулар жоктугуна карабастан, эптеп эле куугунтуктоо же кызматынан бошотуу үчүн кайра-кайра комиссиялар түзүлүп жатат. Компетенттүү булактардын маалыматы боюнча, министрдин милдетин аткаруучунун жакындарында жакын арада кызматынан алына турган жетекчилердин кара тизмеси бар, ошого жараша азыр иш жүргүзүлүүдө. Бул иште Ниязалиева айым административдик ресурс колдонууда.
**22.03.27. Инсулиндик жана кадыресе шприцтердин айырмасын айтып берип жаткан врач көрсөтүлөт**
Эми албетте инсулин чатагын эстесек болот, анда инсулиндик шприцтердин ордуна кадыресе шприцтерди ташып келген «Аманатфарм» фирмасынын уюштуруучусу катары Дамира Абаскановнанын да аты акырындан угулган.
**22.03.37. Колуна сайылган ийненин тактарын көрсөтүп жаткан арык баланын сүрөтү**
Диабет илдетине чалдыккан оорулууларды аз эле жерден аркы дүйнөгө узатып жибере жаздашты. Бактысы бар экен, аз эле жерден өлүмдөн аман калды.
**22.03.44. Пресс-конференциядан Д. Ниязалиеванын сүрөтү**
Дамира Ниязалиева өзү Саламаттык сактоо министрлигинин лицензия берүү бөлүмүндө иштеген Аида Токтоматова деген ушул чагымчылдык чабуулду жасап жатат деп эсептейт. Министрдин милдетин аткаруучуга анын үстүнөн бир канча жолу арыз түшкөн, бирок адамча сүйлөшүүлөрдөн майнап чыккан жок.
**22.03.55. Д. Ниязалиеванын синхрону**
Абдысаматова мен анын ордун тартып алат экен деп ойлоп алып, мага каршы кыянатчылыкты уюштуруп жатат. Мен анын акчасы көп экенин билемин, балким, мурдагы бийликте иштеген күйөөсүнүн да акчасы көп.
**22.04.18. Токтоматованын күйөөсү менен түшкөн сүрөтү**
Токтоматованын күйөөсү чынында эле кедей адам эмес – ал мурдагы депутат жана өлкөнүн башкы салыкчысы А. Келдибеков. Ниязалиеванын бетин ашкерелейм деген аял ооруканага жата калды.
**22.04.29. Көчөдө сүйлөшүп турган журналисттердин жана укук коргоочунун сүрөтү**
Анткени менен Токтоматованын иши укук коргоочулардан колдоо тапкан жок. Дамира Абаскановнанын дайындалышы башынан эле көпчүлүккө жакпады. Ушундай маанилүү мекемени бизнес адамына тапшыруу жол бергис иш эле. УӨнүн жана бүт өлкөнүн оор абалына байланыштуу башында унчукпай келишкен болучу.
**22.04.42. Б. Макенбаеванын синхрону**
Дамира Абаскановна менен аппарат жана ири медициналык мекеме жетекчилеринин ортосунда чоң чатак болуп жатканын билгенден кийин биз бул кырдаалда медиктерди колдоону чечтик. Анткени, фармацевтикалык бизнестин башчысын саламаттык сактоонун жетекчилигине дайындоо чечими башынан эле туура эмес болгон. Кызыкчылыктардын кагылышы бар болгондуктан, буга жол берүүгө болбойт эле.
**22.05.13. Пресс-конференциядан көрүнүш**
Кайсы кызыкчылыктардан улам кайрылууга кол койгон айрым медиктер айнып калганы белгисиз. Эми болсо

Дамира Абаскановна ага көп киши кечирим сурап келди деп ишендирүүдө. Иш жүзүндө экөө эле келиптир. Алардын бирөөсү инфекциялык ооруқананын башкы врачы.
**22.05.27. Башкы врачтын сүрөтү жана синхрон**
Өзүнүн баш тартканынын себебин ал башка текстке кол койгом деп түшүндүрүүдө.
**22.05.33. Башкы врачтын синхрону**
Мисалы, анда медицинаны каржылоону көбөйтүү, айлык акыны жакшыртуу деген сунуштар бар болучу (толкунданат). Негизинен ушундай нерселер, саламаттык сактоо системасын жакшыртуу сунуштары бар эле. Ошол текстке кол койгом. Саламаттык сактоо министринин милдетин аткаруучу жөнүндө, Дамира Абаскановна жөнүндө эчтеме жок болучу.
**22.05.58. Министрликтин имаратынын көрүнүшү**
Кайрылуунун авторлорунун тизмесинде көзү эбак өтүп кеткен киши бар экени билинди. Салсакминде Осмонов деген эксперт жок. Кантсе да, калган 13 кол коюучу азырынча кайрылуудан баш тартыша элек.
**22.06.07. Жылмая коштошуп жаткан министр жана журналисттер**
Демек, министрдин орду Ниязалиевага ылайык эмес дегенге баары макул.


Сюжет тең салмактуу эмес. 5 мүнөттук сюжетте башка пикирге 23 секунд (8%) бөлүнгөн. Сюжетте фактылар комментарийден ажыратылбаган. Мисалы, «...кантсе да, кайрылууга калган 13 кол коюучу азырынча ниетинен баш тарта элек, демек, министрлик орунга Ниязалиева татыктуу эмес дегенге макул». Сюжеттин автору маалымат булактарына шилтеме жасаган эмес, экспрессивдүү сөздөрдү пайдаланган. Мындан тышкары, кадрлар көрөрмандын окуяга кандайдыр бир мамилесин калыптандыруу үчүн тандалгандай таасир калат.

## ОШ ОКУЯЛАРЫ

«5-каналда» Ош жана Жалал-Абад облустарындагы окуялар негизинен «башаламандык» катары мүнөздөлгөн. «Чыр-чатак» деген сөз сейрек кездешет. Айрым гана учурларда алар тууралу «өрт чалган жер», «кандуу окуялар» жана «кан төгүлгөн каргаша» деп айтылган. 11инен 14-июнга чейин канал окуя болгон жерден маалыматтарды телефон аркылуу берип турган. Сүрөт менен коштолгон биринчи сюжеттер окуя болгон жерден 14-июндан тарта бериле баштаган, тартылган сүрөттөр кийин бат-баттан кайталанып турган. Өздөрү тарта албагандыктан Өзбекстан чек арасында топтолгон качкындар тууралу сюжеттерде чет өлкөлүк каналдардын биринен (мисалы, BBC) алынган бир жактуу сүрөт кайталанган. Тема негизинен ар тараптуу чагылдырылган, сюжеттер тең салмакталган жана жарашууга, эки этнос ортосунда араздашуу жок деген ойго багытталган. Сюжеттерде адамдардын улуту айтылбастан, сөздөргө аяр мамиле жасалган. Окуянын катышуучулары өз ара тирешкен тараптар деп мүнөздөлүп, каралаган аныктамалар пайдаланылган эмес.

## «ЭлТР»

Изилдөө мезгили ичинде «ЭлТР» каналында 748 маалымат кабары талдоого алынды (майда 221, июнда 527). Орус тилинде 369, кыргызча 379 кабар чыккан.



Коомдук маселелерге 371, мамлекетке - 228, эл аралык карым-катнаштарга - 87, саясатка 62 сюжет арналган.
Майда жана июнда 225 (30%) сюжет тең салмаксыз болгон.
Майда жана июнда 50 (7%) сюжетте фактылар комментарийден ажыратылган эмес.
29 сюжетте (4%) сүрөт менен үн ирети шайкеш келбейт.
62 сюжетте (8%) сүрөт жок. Июнда сүрөтү жок кабарлардын көп болушу штаб-квартирасы Ошто орун алган «ЭлТР» журналисттери менен операторлорунун окуянын жүрүшүн тарта албаганы менен түшүндүрүлөт. Анткени, алардын коопсуздугуна коркунуч келиши ыктымал болучу.

## СЮЖЕТТЕРДИН МИСАЛДАРЫ

2010-жыл 3-майда «ЭлТР» телеканалында Маевка айылында жер басып алуучулар жөнүндө сюжет көрсөтүлгөн.

**19:19:00. Алып баруучу Сайкал Султанкулова**
Мурда айтылгандай, Аламүдүн районундагы Маевка жана Кара-Жыгач айылында жер баскынчылар жергиликтүү тургундардын жеке менчигине кол салуу менен аларга тынчтык бербей жатышат. Буга байланыштуу жазгы талаа иштери кечеңдөөдө. Чоо-жайы тууралу кабарчыбыз Наргиза Карасартова.

**Кабарчы Наргиза Карасартова**
Чынбай Абдуллаев 15 жылдан бери жер үлүшүнө ээ. Ал жер баскынчылардан улам талаа иштери маалынан кечигип жатканына капа болууда.

**Фермер Чынбай Абдуллаев**
Жарымы кетти, дагы жарымы ал жакта калды. Азыр уруш-талашсыз мыйзам чегинде бул маселени чечкиси келип жатышат.

**Кабарчы**
Кара-Жыгач айыл өкмөтүндө жер баскынчылардан 83 гектарга көз артууда, анын 9 гектары айылга таандык. Калганы үлүш ээлерине таандык. Кара-Жыгачта жер баскынчылардан бардыгы 20дан ашуун үй-бүлө жапа чекти.

**Фермер**
Адатта түшүм жакшы болгондо киреше чыкчу. Эгерде ал жакта кылкандуу дан эгин эгилген болсо, киреше аз чыгат. Адатта чыгымдар баарын жапчу.

**Кабарчы**
Көк-Жар конушунда да кырдаал тынч эмес. Миңге чукул жер баскынчылар 250 гектар жерге көз артып жатышат. 157 үй-бүлө өз жерлеринде иштей албай калды. Тилекке каршы, баскынчылар менен түшүндүрүү иштери азырынча күткөн натыйжа апкелбеди.

**Көк-Жар айыл өкмөтүнүн төрагасы Арпачиев**
Жер айдап себели деп ал жакка тракторлорду салган учурлар болгон. Бирок баскынчылар тараптан кол салуулар болду. Тракторлорду талкалашты, эми такыр талкалашкан жок, бирок терезелери менен каалгалары талкаланды, тракторлорду өрттөп салабыз деген коркутуулар болду, ошондуктан азыр кырдаал өтө оор.

**Кабарчы**
Бүгүн Кара-Жыгач, Көк-Жар айыл өкмөттөрүндө аксакалдар, карыялар жана имамдар чогулуп, бул окуялардан четте калбастан, баскынчыларды акылга чакырууда.

**Аксакал**
Күтө туруш керек, убактысы келет, тынчтык болсун, жакшы күндөрдү күтөлү, ошондо баарыңарда үй да, жер да болот.

**Кабарчы**
Жалпы Аламүдүн району боюнча басып алынган жер 800 гектардан ашат. Алдын ала эсептөө боюнча, үч айыл өкмөтүндө бул жылы 14 млн. сомго аз түшүм алынат.

Сюжет тең салмактуу эмес: башка тараптардын – жер баскынчылар деп атап жатышкандардын, расмий бийликтин, милициянын комментарийи жок.

Журналисттер фактылар менен да, расмий да ырасталбаган жер басып алуу тууралу айтып беришкен. Айрым учурларда үн менен текст шайкеш келбейт.

2010-жыл 10-майда «ЭлТР» телеканалында «салыкты төлөп салып, тынч укта» (стилистика сакталды) деген аталыштагы сюжет көрсөтүлгөн.

**19:19:00. Алып баруучу Сайкал Султанкулова**
Салыкты төлөп салып, тынч укта. Баткен облусунун Кадамжай районунун салыкчылары ушундай өтүнүч менен Өзбекстанга таандык Түндүк Сох газ сактоо жайынын жетекчилигине кайрылды. Ал жай кыргыз-өзбек чегарасында орун алган, бирок чектеш өлкө бул жагдайга эч кандай кулак какпай келет.

**Кабарчы Бермет Курманбекова**
Али совет мезгилинде, 80-жылдары Өзбекстан кыргыздардын Бүргөндү өрөөнүнөн жерди ижарага сураган. Коңшулар ал жерде Түндүк Сох газ сактоо жайын курууну көздөгөн. Кыргыз тарап ал өтүнүчтү канааттандырган. Бирок өзбектер мыйзамга ылайык салык төлөйт деген шарт коюлган.

**Баткен облусунун өкүлү Төралиев**
Мурда бул ишканалар күнүнө 100 тонна чамалуу мунайзат чыгарып турган. Азыр болсо күнүнө 20 тоннадан чыгарууда.

**Кабарчы**
Газ сактоочу жайдын жалпы аянты – 1500 гектар. Мында Өзбекстандын мунайзат жана газ алуучу үч ишканасы иштейт. Эки тараптуу келишимге ылайык, алар салык төлөөгө тийиш эле. Бирок түшүнүксүз себептер менен ал келишимге жөн эле кол шилтеп жатышат.

**Төралиев**
Ушул күнгө чейин бизге бир тыйын да төлөшкөн жок. Салык да, ижарасын да төлөшпөйт.

**Кабарчы**
Өзбек тарап мындан ары да салыктарды төлөбөйбүз дешет. Газ сактоочу жай орун алган аймак талаш жер. Адегенде делимитация жана демаркация маселелерин чечиш керек дешет коңшулар. Бул проблеманы чечүүгө кыргыз тарап да, өзбек тарап да ашыкпайт.


Сюжет тең салмактуу эмес, фактылар комментарийден ажыратылбаган. Фактылар жана цитаталар менен бекемделбеген. Алып баруучу менен журналисттин ой жүгүртүүсү бир жактуу.

## ОШ ОКУЯЛАРЫ

Ош окуялары жөнүндөгү телесюжеттерде «ЭлТРдин» журналисттери баа берүүдөн жана эмоциялуу ырастоолордон оолак болушкан. Журналисттер жаңжалдын этникалык өңүтүнө өтө аз басым жасашкан. Бул окуялар тууралу сюжеттерде негизинен элдешүүгө жана гуманитардык жардам берүү чакырыктары камтылган. Көп сандаган жаңылыктарда сүрөт жок. Бул штаб-квартирасы Ошто жайгашкан «ЭлТРдин» журналисттеринин жана операторлорунун коопсуздугун сактоо үчүн окуянын жүрүшүн тартуудан баш тарткандык менен түшүндүрүлөт.

## УТРК

Изилдөө мезгилинде УТРК каналында 1023 маалымат кабары (майда 458, июнда 566) чыккан, анын ичинен орус тилинде 480, кыргызча 543.




546 сюжет болгон (53%) жана бир тараптуу 477 (47%) кабар чыккан.
Саясатка 104, коомдук маселелерге - 617, экономикага - 53, эл аралык карым-катнаштарга - 107, криминалга - 59, гуманитардык чөйрөгө - 51, башка темаларга – 32 сюжет арналган.

Майдагы жана июндагы 108 (10%) сюжет тең салмактуу эмес. Майдагы тең салмаксыз кабарлар негизинен мурдагы президент К.Бакиевге жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнө, июнда К.Бакиевге жана өлкөнүн башка чоң мансаптуу чиновниктерине тиешелүү болгон.

Май-июндагы 48 сюжетте (5%) фактылар комментарийден ажыратылган эмес.
45 сюжетте (4%) сүрөт менен үн ирети шайкеш келбейт. 118 сюжетте (11%) сүрөт жок.

## СЮЖЕТТИН МИСАЛЫ

2010-жыл 3-майда УТРК телеканалында Маевка айылындагы окуялар жөнүндө сюжет чыккан (стилистика сакталды).

**19:38:45. Алып баруучу Нуржамал Бурханова**
Жер басып алуу толкуну кайрадан Маевка айылын кучагына алды. Баскынчы топтордун аракеттери абдан дыкат даярдалып уюштурулган, дешет окуяга күбө болгондор. Алардын айтымында, жерлерге казык сайгандарга кымбат иномаркалар менен келген адамдар жетекчилик кылууда. Улуттук 1-каналдын журналисттери окуя болгон жерге барганда бүлгүн салууга даяр калайман топ алардын камерасын тартып алууга аракеттеништи, бирок алардын аракетинен майнап чыккан жок. Чоо-жайы кабарчыбыздын материалында.

**Журналист Канат Каниметов**
Сегиз жүз гектар тепселген айыл чарба жерлери, анын 600ү - күздүк буудай. Баскынчылар апкелген чыгымдын орду толгус, дешет дыйкандар.

**Бейтааныш киши Анатолий Волик**
Адамдар бул жерге кеткен мээнетти гана тебелешкен жок. Бул жерге толтура акча салынган. Канча нан албай калдык. Маевкачылардын эртеңкиге үмүтүн тепселеп жатышат.

**Журналист Канат Каниметов**
Мамлекеттик каттоо кызматынын төрагасы Алмамбет Шыкмаматовдун айтымында, көз көрүнөө алдамчылык болуп жатат. Уюштургандар документтерди толтурууга, байланыш үчүн деп 20-30 сомдон жыйноодо. Ошентип, болжолдуу эсеп боюнча лидерлер 30 миң сомго чейин табууда. Шыкмаматов уюштуруучуларга кылмыш иши козголот деп эскертти.

**Алмамбет Шыкмаматов, Мамлекеттик каттоо кызматынын төрагасы**
Айыл чарба багытындагы жерлер категориясына кирет. Бул азыркы мыйзамды одоно бузгандык катары бааланат.

**Журналист Канат Каниметов**
Мындай басып алууларга шаардыктар да терс мамилесин билдирүүдө. Алардын айтымында, бул бүт өлкөнүн беделине таасирин тийгизип жатат.

**Бишкектин көчөсүндө суралган бейтааныш кыз**
Бул такыр эле туура эмес деп ойлойм. Албетте, баарыбыз эле жер алгыбыз келет дечи, бирок мындай жол менен эмес да.

**Бишкектин көчөсүндө суралган бейтааныш киши**
Ал адамдар мыйзамга ылайык тууралап гана иш жүргүзүшү керек.

**Журналист Канат Каниметов**
2005-жылдагы революциядан кийин басып алынган көп жерлер кийин жаңыдан жаралган бизнесмендерге кымбат сатылып кеткени белгилүү. Бул жолу андай болбойт деп үмүт кылуу гана калды.

Сюжет тең салмаксыз: башка тараптардын - жер басып алуучулардын да, милициянын да пикирлерине орун берилген эмес.

Айрым учурларда фактылар комментарийден ажыратылган эмес: «2005-жылдагы революциядан кийин басып алынган көп жерлер кийин жаңыдан жаралган бизнесмендерге кымбат сатылып кеткени белгилүү", «мындай басып алууларга шаардыктар терс пикирин билдирүүдө» деп жонунан айтылат, бирок шаардыктардын өздөрүнүн үнү жок.

Сюжетте метафоралар жана экспрессивдүү сөздөр колдонулган - «кайра кымбат сатылган», «жаңыдан жаралган бизнесмендер», «Маевкачылардын эртеңкиге үмүтүн тепселеп жатышат», «бүлгүн салууга даяр калайман топ».

Маалымат булагы көрсөтүлгөн эмес («күбө болгондор айтууда», «дешет дыйкандар»), же алардын аты-жөнү аталбайт («бейтааныш кыз», «белгисиз киши»). Мындан тышкары эмоциялуу сөздөр менен бизнеске терс мамиле билдирилет.

## ОШ ОКУЯЛАРЫ

Ош окуяларына жана түштүккө гуманитардык жардам берүү темаларына 295 сюжет (июндагы бардык кабарлардын 52%и) арналган.

УТРК журналисттери Ош окуясын «талкалоо», «тополоң», «чыр-чатак», «кагылыштар» деп атаган.

УТРКнын сюжеттеринде Ош окуясынын себептери жөнүндө бул жаңжалды үчүнчү күчтөр, анын ичинде мурдагы президент Бакиевдин уулу Максим Бакиев каржы жагынан уюштурган деген жоромолдор айтылган.